# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ШААРДЫК ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУ УЮШТУРУУНУН АЙРЫМ КӨЙГӨЙЛӨРҮ.

**АХМЕТОВ М.А.**
**ualibrary@mail.ru**

***Аннотация***: *Акыркы он жыл ичинде Кыргыз Республикасында шаарлардын саны кыйла көбөйдү. Көбүнчө буга ички миграция түрткү болду жана айыл жергесиндеги жумушсуздуктун көптүгү, социалдык, экономикалык инфраструктуранын жоктугу, саламаттыкты сактоо жана билим берүү системаларынын ишинин начардыгы мунун негизги себеби болуп саналат. Расмий маалыматтар боюнча Кыргызстан калкынын жарымы шаарларда жашашат, ал эми расмий эмес маалыматтар боюнча Бишкек шаарында эле Кыргызстан калкынын жарымы жашайт*

*Жогоруда айтылгандардан улам жер жерлердеги коомдук бийликтин негизги звеносу катары шаардык өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн уюштуруу маселелерин кайрадан карап чыгуу зарылдыгы келип чыгууда.*

***Annotation***: *Over the last decade, the number of cities in the Kyrgyz Republic has increased significantly. This is mainly contributed to the internal migration, the main reason for which is a higher percentage of unemployment in remote areas, the lack of social, economic infrastructure, poor health care and education. According to official data, only half of Kyrgyzstan's population lives in cities, and unofficially this part lives only in the capital – Bishkek.*

*Based on the above there is a need to consider the organization of the activity of municipal government as the main component of public authority in the field.*

Дүйнөлүк урбанизация процесси, динамикалык түрдө өсүү менен бирге, жер жүзүндөгү адам баласынын жашоо-тиричилик чөйрөсүн куруудa өз ролунун күндөн күнгө өсүп жаткандыгын көрсөтүп турат. 21-кылымдын башында эле шаарлардын калкы жер жүзүнүн 14% түзгөн, ал эми бүгүнкү күндө болсо шаарларда адамзатынын жарымынан көбү жашайт. Бул процесс биздин территориябыздын анча чоң эместигине жана калкыбыздын санынын аздыгына карабастан өз таасирин тийгизди. Акыркы он жыл ичинде Кыргыз Республикасында шаарлардын саны кыйла көбөйдү. Көбүнчө буга ички миграция түрткү болду жана айыл жергесиндеги жумушсуздуктун көптүгү, социалдык, экономикалык инфраструктуранын жоктугу, саламаттыкты сактоо жана билим берүү системаларынын ишинин начардыгы мунун негизги себеби болуп саналат. Расмий маалыматтар боюнча Кыргызстан калкынын жарымы шаарларда жашашат, ал эми расмий эмес маалыматтар боюнча Бишкек шаарында эле Кыргызстан калкынын жарымы жашайт

Жогоруда айтылгандардан улам жер жерлердеги коомдук бийликтин негизги звеносу катары шаардык өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн уюштуруу маселелерин кайрадан карап чыгуу зарылдыгы келип чыгууда.

Биринчиден шаар деп аталган, калк жашаган пункт деген түшүнүктү аныктап алалы.

С.И. Ожеговдун орус тилинин түшүндүрмө сөздүгү боюнча шаар деп - ири калк жашаган пунктту, администрациялык, соода, өнөр-жай жана маданият борборун түшүнүүгө болот. Советтик энциклопедиялык сөздүк боюнча шаар деп-белгилүү бир деңгээлде калктын санынын көптүгүнө жетип, көбүнчө өнөр-жай, транспорттук, соода, маданият жана саясий-администрациялык милдетти аткарган, калк жашаган пункт аталат. Ал эми кээ бир окумуштуулар шаар деп – элинин көпчүлүгү айыл-чарба иштери менен алектенбеген калк жашаган пунктту аташат.

"Кыргыз Республикасынын административтик территориалдык түзүлүшү тууралуу" 2008-жылдын 25-апрелиндеги Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, шаар деп- шаар түрүндөгү райондук, областык жана республикалык маанидеги административдик-территориалдык бирдикти түшүнүүгө болот, о.э. жергиликтүү коомчулук Конституцияда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленгендей жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашырып жаткан шаар тибиндеги кыштакты атоого болот.

Ушундан улам бул бирдик өнөр-жай ишканалары,коммуналдык чарбалары жана турак-жай фондусу бар, өнүккөн окуу, маданий-агартуу, дарылоо жана соода мекемелери бар административдик, экономикалык жана маданий борбор болушу керек. Шаардын калкынын минималдуу саны он миң тургундан ашышы керек. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында 19 шаар бар. Анын ичинде республикалык маанидеги 2 шаар, областык маанидеги 12 шаар, райондук маанидеги 17 шаар бар. Тилекке каршы, алардын көбү жогорудагы аныктамага калкынын саны менен гана жооп бере алат, ал эми өнөр-жай ишканалары,коммуналдык чарбалары жана турак-жай фондусу, өнүккөн окуу, маданий-агартуу, дарылоо жана соода мекемелер Кыргыз Республикасынын айрым ири шаарларына гана таандык.

"Шаар тибиндеги айрым кыштактарды өзгөртүү жана аларды айыл же шаар категориясына киргизүү тууралуу" 2012-жылдын 27-сентябрындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык буга чейин шаар тибиндеги кыштак катары болуп келген калк жашаган 6 пункт шаарга айландырылды. Бул өзгөртүүлөрдүн эч бир жөнү жок эле, себеби жогоруда айтылган калк жашаган пункттардын эч бири элинин саны жагынан да, шаарга тиешелүү башка параметрлер жагынан дагы талап кылынган нормативтерге жооп бербейт. Жана бул негизги көйгөйлөрдүн бири болуп саналат–дээрлик кыстоо жол менен шаарлардын санын көбөйтүү кошумча финансылык чыгымдарга алып келет. Алар жергиликтүү документацияны талапка ылайык келтирүү, башкаруу органдарынын көбөйтүлгөн штатынын ишмердүүлүгүн камсыздоо жана башка "шаардык" чыгымдар. Ушундан улам өндүрүш көлөмү, инфраструктура деңгээли, бюджетке болгон киреше өзгөрүүсүз калууда. Бир гана жалгыз жагымдуу учур болуп жашоочулардын автоматтык түрдө шаардык болуп калуусу, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисинин шаардын МЭРи болуп калуусу саналат.

Дагы бир көңүл буруп кетчү нерсе-бул шаардын жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарын түзүү процедурасы. Шаардык өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруу органын шайлоо жөнүндө көптөгөн пикирлер бар. "Жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоо тууралуу" Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык шаардык кеңештерге депутаттарды шайлоо пропорционалдык система боюнча өткөрүлөт. Бул шаардык кеңештин депутаты болуп кандайдыр бир саясий партияга кирген жана каттосу тууралуу штампы бар ар бир Кыргыз Республикасынын жараны боло ала тургандыгын билдирет, ушуну менен бирге ал жаран шаарда канча убакыттан бери жашагандыгы, жергиликтүү көйгөйлөр тууралу кандай деңгээлде кабардар экендиги, жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү билеби, бул эч кимди кызыктырбайт.

Ушундан улам кээ бир мыйзам нормаларын кайрадан карап чыгуу зарылдыгы пайда болууда жана көптөгөн саясий жана коомдук уюмдар өзгөрүүлөр тууралуу өз ойлорун билдирүүшүдө.

Алардын ойлору боюнча толук пропорционалдуу шайлоо системасынын ордуна аралаш системасын киргизуу абзел. Себеби саясий пратиялардан тышкары дагы ар бир жаранга жергиликтуу оз алдынча башкарууга салымын кошконго мумкунчулук беришибиз керек.

Көйгөйлөр шаардык өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарында дагы бар. Шаар жетекчилерин, мэрлерди шайлоодо жана алардын ишмердүүлүгү тууралуу маселелер тегерегинде ар кандай ой-пикирлер айтылууда.

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу" мыйзамынын 43-беренесине ылайык мэрдин кызматына кандидатураны шаардык кенештин фракциялары жана Премьер-министр сунуштоого укугу бар. Бул норма мэрди шайлоо тартибинин эки маанилүү түшүнүгүн камсыздайт. Эми биз жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу кеп кылып жаткан соң, жергиликтүү калктын өкүлдөрү өз жоопкерчилиги астында шаарды башкаруу жана өнүктүрүү үчүн менеджерлерди жумушка алса туура болор эле.

Мэрдин кызматына кандидатураны сунуштоонун мындай тартиби мурда эле бир нече жолу иштетилип келген. Мисалы 2012-жылдын январында Премьер-министр өзүнүн мэрдин кандидатурасын сунуштоо укугун Чолпон-Ата, Балыкчы, Кара-Балта, Кочкор-Ата шаарларынын жергиликтүү кеңештин депутаттарына өткөрүп берди жана практикада көрсөткөндөй, айрым скептикалык ой-пикирлерге карабастан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мындай маселелерди өз алдынча чечип ала тургандыгы көрүндү. Теманы улап жатып, шаардын мэринин кызматта туруу мөөнөтү тууралуу талаш-тартыш маселелерге көнүл буруу керек. Жогоруда айтылган мыйзамдын 43-беренесинин 1-пунктунда мэрдин кызматта туруу мөөнөтү белгиленген. Бул беренеге ылайык шаардын мэрин шаардык кеңеш өзүнүн чакырылыш мөөнөтүнө шайлайт, б.а. өкүлчүлүктүү орган канча убакытка шайланса мэр дагы ошончо убакытка шайланышы керек.

Бирок биз практикада бул норма иштебей жаткандыгын көрүп турабыз. Шаардын мэри шаар кеңешинин мурдагы чакырылышы аркылуу шайланып, кийинки чакырылышы менен деле ийгиликтүү иштеше берет. Мындай учурда мэр саясий фигура катары болуп жатат, бирок аны ошол жерди өнүктүрүү үчүн жергиликтүү коомчулук тарабынан жалданган кризис учурундагы шаар жетекчиси же менеджери катары карасак туурараак болмок.

Мындан соң шаардык өз алдынча башкаруу органдарынын жана мамлекеттик жергиликтүү администрация органдарынын өз ара бирге аракеттешүүсү тууралуу айрым маселелерди карап чыгуу зарылдыгы келип чыгат. 2010-жылдын 27-июнундагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 3-беренесине ылайык мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын жана укуктарын чектөө мамлекеттик бийлик негизделген негизги принциптердин бири болуп саналат жана ушуну менен бирге шаардык өз алдынча башкаруу органдарынын обочолонгондуктугун карап чыгуу маселеси келип чыгат. Буга байланыштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын территориясынын ичинде жергиликтүү мамлекеттик администрациянын бар болуусу, негизги белгилеринин бири болуп, жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын өнүккөндүгү болуп саналган, демократиялык, укуктук мамлекеттин бардык нормаларынын бузулушу болуп саналат. Мисали, Бишкек шаардык кеңешинин территориясында көптөгөн убакыттан бери акимиаттар-жергиликтүү мамлекеттик администрациялар ийгиликтүү иштеп келишет, ал эми жетекчилери болсо, “Кыргыз Республикасынын өкмөтү тууралуу” 2012-жылдын 18-июнунун №85 Конституциялык мыйзамына ылайык толугу менен мамлекеттик бийликтин аткаруу органдарына баш ийүүсү керек жана мэрияга эч кандай тиешеси жок болуусу керек. Мыйзамдуулуктагы мындай кемчилик Бишкек шаарынын территориясында өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизүүдө. Муниципалдык райондун жетекчиси шаардык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына баш ийүүсү керек жана ушундай учурда гана биз демократиялык прициптердин натыйжасы катары жергиликтүү өз алдынча башкаруу принциптеринин ишке ашуусу тууралуу кеп кыла алабыз.

Коомдун өнүгүшүнүн баардык этаптарында жергиликтүү деңгээлде коомдук бийликти уюштуруунун маселелерине окумуштуулар жана тажрыйба адамдары тарабынан ар дайым кыйла көңүл бурулуп келген.

Мунун себеби жергиликтүү органдар адам жашоосун камсыздоо боюнча көптөгөн маселелердин чечилишин камсыздашат. Ийгиликтүү түрдө экономикалык жактан өнүккөн мамлекетти куруу, саясий жана коомдук туруктуулукка жетишүү, бийликтин бардык тармактарынын макулдашылган ишмердүүлүгүсүз мүмкүн эмес. Мамлекеттик бийлик органдарынын жана муниципалдык бийлик органдарынын ортосундагы компетенцияларды чектөө чечилип жаткан маселелердин өзгөчөлүктөрүн, тигил же бул жердин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ишке ашат.

Албетте, шаарларда ыңгайлуу, таасирдүү, натыйжалуу бийлик түзүү абдан татаал жана көп пландуу милдет, бул муниципалдык, о.э. мамлекеттик денгээлде шаарлардагы бийлик жана башкаруу органдарынын жетишерлик узакка чейин өнүгүү процесси жана негизине жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негизги принциптери коюлушу керек.

**АДАБИЯТТАР**:


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 27 июнь 2010 жыл;
2. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы 15 июль 2011 жыл;
3. «Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы 25 апрель 2008 жыл;
4. «Кыргыз Республикасынын шаар тибиндеги айрым посёлокторун өзгөртүп түзүү жана аларды айылдын же шаардын категориясына киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасыны мыйзамы 27 сентябрь 2012 жыл;
5. «Жергиликтүү Кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы 14 июль 2011 жыл;
6. Советский энциклопедический словарь. - М., Советская энциклопедия, 1984 год;
7. Ожегов С.И. Словарь русского языка /Под. ред. Н.Ю. Шведовой. - М., Русский язык, 1987 г.
8. http://www.paruskg.info/2012/01/10/55567